Ош облустук коомдук-саясый гезити

www.oshinfo.kg

Ош жаңырыгы

ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

№24 [17020] ИШЕМБИ, 08/08/2026

VI Көчмөндөр оюндары: “Биримдик кербени”долбоору



2-бетте

БИЛИМ БЕРҮҮДӨГҮ ЖАҢЫ БАГЫТТАР ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИКТҮҮ МИЛДЕТТЕР



5-бетте

АРЫМЫ АРБЫГАН ЖУРНАЛИСТ БУРМА ЫСАКОВА 70 ЖАШТА



4-бетте

Кыргызстандын Туусун желбиреткен Аруна



4-бетте

Энелик бакыт менен спорттук ийгилик



7-бетте

VI Көчмөндөр оюндары: “Биримдик кербени”долбоору

Жакында Ош облусу VI Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын алкагында өткөрүлүп жаткан “Биримдик кербени” долбоорун салтанаттуу түрдө кабыл алды. Эске салсак, кербен үстүбүздөгү жылдын 25- июль күнү Баткен облусунун Лейлек районунун Раззаков шаарынан жолго чыгып, 300 чакырым жолду басып, Ош облусунун Ноокат районуна жетип келген.





Ноокат районундагы өткөрүп берүү аземине КР Президентинин Баткен облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун басары Максатай Каримбердиева кербенди жетектеп келип, КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун басары Мирлан Орозбаевге салтанаттуу өткөрүп берген. Аземге ошондой эле Ноокат районунун мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким Нурлан Керимкулов жана жергиликтүү бийлик өкүлдөрү жана коомчулук катышты.

Аземде катышуучулар Ош облусунун бардык райондорунун ыйык суулары менен “Биримдик кербенине” кошулаарын белгилешип, бул демилге элдин ынтымагынын жана биримдигинин символу экенин айтышты. Ошондой эле VI Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары Кыргызстандын мааданий байлыгын жана элибизин меймандостугун дүйнөгө даңазалайт деген ишеним билдирилди. “Биримдик кербени” Ош Облусунун бардык райондорун кыдырып, 6 -август күнү Жалал-Абад облусуна салтанаттуу түрдө өткөрүлүп берилди.

Белгилесек, суу кыргыз эли үчүн жашоонун жана берекенин символу. Ар бир аймактан алынган суулардын бир Көөкөргө биригиши өлкөнүн ынтымагын жана биримдигин даңазалайт. “Биримдик кербени” 40 райондон суу чогултуп, Ысык Көлдө өтө турган “40 уук- бир түндүк” иш- чарасында бир казанда бириктирилет. Долбоор 24-июлдан 2-сентябрга чейин уланып, ага 400дөн ашуун адам катышат.

Эки тараптуу кызматташтык уланат



КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Аманкан Кенжебаев Улуу Британиянын Кыргыз Республикасындагы Элчилигинин Экономикалык өнүгүү боюнча аймактык кеңешчиси Чарльз Морис менен жолугушту. Жолугушуунун жүрүшүндө тараптар Кыргыз Республикасы менен Улуу Британиянын ортосундагы кызматташтыктын учурдагы абалын жана аны мындан ары кеңейтүүнүн артыкчылыктуу багыттарын талкуулашты.

Ыйгарым укуктуу өкүл Улуу Британия Кыргыз Республикасы үчүн ишенимдүү эл аралык өнөктөш экенин белгилеп, өлкөнүн жана аймактын социалдык -экономикалык өнүгүүсүнө багытталган долбоорлорду ишке ашырууда көрсөтүлүп жаткан колдоосу үчүн ыраазычылык билдирди.

Жолугушууда Улуу Британиянын Тышкы иштер, Шериктештик жана өнүктүрүү министрлиги тарабынан ишке ашырылып жаткан “Борбордук Азиядагы жашыл инклюзивдүү өнүгүү фонду” программасына өзгөчө көңүл бурулду. Программа чакан жана орто бизнести өнүктүрүүгө, жашыл экономиканы илгерилетүүгө, аялдардын ишкердигин колдоого, инновацияларды жайылтууга жана инвестицияларды тартууга багытталгандыгы белгиленди.

Ош облусунда чакан жана орто бизнести өнүктүрүү, жаңы өндүрүш ишканаларын ачуу, кайра иштетүү өнөр жайын кеңейтүү, туризмди өнүктүрүү жана жаңы жумуш орундарын түзүү артыкчылыктуу багыттардан экендиги айтылды.

Ошондой эле инвестициялык климатты жакшыртуу максатында КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн алдында түзүлгүн Региондук инвестициялык кеңештин ишмердүүлүгү тууралуу маалымат берилип, анын алкагындла мамлекеттик органдар, бизнес коомчулук жана эл аралык өнөктөштөр менен биргеликте инвестициялык долбоорлорду илгерилетүү жана ишкерлер үчүн жагымдуу шарттарды түзүү бонча иштер жүргүзүлүп жатканы белгиленди.

Тараптар GIG программасынын алкагында жашыл технологияны жайылтуу, чакан жана орто бизнести колдоо, ишкерлердин потенциалын жогорулатуу жана жаңы инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруу боюнча кызматташууну өнүктүрүүгө кызыкдар экендигин билдиришти.

Жолугушуунун жыйынтыгында эки тараптуу кызматташтыкты мындан ары чыңдоо жана өз ара пайдалуу жаңы долбоолорду ишке ашыруу боюнча макулдашууларга жетишилди.

Меджабдуулар берилет



КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Аманкан Кенжебаев, КР Жогорку Кеңешинин Ала -Тоо депутаттык тобунун башчысы Таалайбек Масабиров жана тиешелүү өкүлдөр Ош областтар аралык бириккен клиникалык ооруканасына барышты. Иш -чарада Япония өлкөсүнүн JICA өнүктүрүү агенттиги тарабынан гранттык негизде бериле турган медициналык жабдууларды жайгаштыруу маселеси талкууланды. Анын ичинде ангиограф жана компьютердик томограф аппараттары үчүн кошумча имарат куруу пландалды.

Ошондой эле иш- чаранын катышуучулары ооруканандын капиталдык ремонттон өткөн бөлүмдөрү менен таанышып, эмгек жамааты менен жолугушту.

Белгилесек, Япония өлкөсүнүн JICA өнүктүрүү агенттиги тарабынан гранттык негизде Ош областтар аралык бириккен клиникалык ооруканасына 31 түрдүү 130 даана меджабдуулар берилет. Жабдуулардын жалпы сметалык баасы 11,5 млн. АКШ долларын түзөт.

Даярдаган: К. Кыдыралиева.

Эл аралык жайкы лагерде



Ош мамлекеттик университетинин окутуучулары жана студенттери Өзбекстандын Кокон университети уюштурган эл аралык жайкы лагерге катышты. Иш-чара 3-августта башталып, 7-августка чейин уланды.

Делегациянын курамында Филология жана маданияттар аралык коммуникациялар институтунун чет тилдер жана маданияттар аралык коммуникация кафедрасынын башчысы, профессор Венера Сабирова, Эл аралык байланыштар департаментинин башкы адиси Алтынай Жеңиш кызы, институттун доценттери Дамира Асанова, Сейданахан Алимбаева, Вилена Гареева, улук окутуучу Гульсере Эрназарова, окутуучу Мөөркан Айтбаева, сүрөт, чийүү жана эмгек кафедрасынын доценти Зуура Турдубаева, жалпы тарых жана тарыхты окутуунун методикасы кафедрасынын доценти Аида Дүйшөнбаева, университеттин ар түрдүү институттары, факультеттери менен билим берүү программаларынан 40 студент (бакалавр жана магистратура) бар.

Беш күндүк программанын алкагында катышуучулар билим берүү семинарларына, мастер-класстарга, интерактивдүү тренингдерге, маданий жана спорттук иш-чараларга катышып жатышат. Ошондой эле Өзбекстандын тарыхый-маданий мурастары менен таанышып, эл аралык академиялык, кесиптик байланыштары кеңейтилди.

Жайкы лагер жогорку окуу жайлардын ортосундагы академиялык кызматташтыкты өнүктүрүү, маданияттар аралык диалогду чыңдоо, студенттер менен окутуучулардын тажрыйба алмашуусуна, достук байланыштарын бекемдөөгө багытталган.

Зинагүл Нуралиева,
ОшМУнун басма сөз катчысы.

ОшМУ жана “Кулун-Ата” коругу

ОшМУ жана “Кулун-Ата” коругу: илимий байланыш аркылуу жаратылышты коргоо (эстен чыккыс экстремалдуу эмоциялуу экспедициянын жыйынтыгы).



2026-жылдын 19-21-июль күндөрү Табият таануу, дене тарбия, туризм жана агрардык технологиялар институтунун география жана биология багытынын окумуштуулары - г.и.д., профессор Низамиев А.Г., г.и.к., доцент Самиев К.Т., б.и.к., доценттер Абдыкааров А.М., Каримов Б.А., Стамалиев К.Ы., ОшТУнун профессору, а.ч.и.д. Шамшиев Б. Кара-Кулжа районундагы “Кулун-Ата” мамлекеттик коругуна кезектеги илимий экспедиция жасап келишти. Илимий иш-чарага корук тараптан директордун орун басары, илимий бөлүмдүн башчысы Бекмурзаев Т.Т., ага илимий кызматкер Абдисатаров К., жаратылышты коргоо бөлүмүнүн башчысы Калмуратов А.К., ага егер Төлөнбаев Ж.Т., егерлер Кадиев К.Т., Касымов А.Б., Жамбыл уулу К., Абдыкадыр уулу Ч. катышып, ар тараптуу көмөк көрсөтүштү.

Максат «Кулун-Ата» мамлекеттик коругунун бийик тоолуу экосистемасынын учурдагы экологиялык абалына комплекстүү байкоо жүргүзүү, азыркы климаттын өзгөрүү шарттарынын коруктун ландшафтына тийгизген таасири, өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсүнө мониторинг жүргүзүү, туризмди уюштуруунун оң жана терс жактарын аныктоо болду.

Изилдөө негизинен орто жана чоң көлдөрдүн айланасында болду жана төмөндөгүдөй жыйынтыктарга жетиштик.

«Кулун-Ата» мамлекеттик коругунун миссиясы жана иш-аракети Кыргыз Республикасынын “Айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө” жана “Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары жөнүндө” Мыйзамдарына ылайык жүргүзүлүп жатат. Коруктa жаратылышты коргоо жана табигый байлыктарды көбөйтүү иш-чаралары мыйзам талаптарын дыкат сактоо аркылуу ишке ашат.

Коруктун бардык территориясында өсүмдүк дүйнөсүнүн өзүн-өзү калыбына келтирүү жана жайылтуу мүмкүнчүлүктөрү эң жакшы абалы, башкача айтканда, табигый регенерациянын жогорку деңгээли аныкталды. Айрыкча бадал жана дарак (арча, кайың ж.б.) өсүмдүктөрдүн жаш өсүндүлөрү кеңири таркалган.

Акыркы мезгилдерде глобалдык жылылануунун байланыштуу атмосферанын температурасынын көтөрүлүүсү 2500-2900 м бийиктикте турган коруктун ландшафтына таасир берип, өсүмдүктөрдүн вегетациялык мезгили 5-10 күнгө кыскарганы байкалат. Бирок бул мезгилдүү (10-20 жылда кайталануучу) кубулуш болушу мүмкүн. Ошондуктан жылда туруктуу мониторинг жүргүзүү иш-чаралары талап кылынат.

Коруктун территориясында антропогендик ишмердүүлүктүн таасиринен пайда болгон отоо чөптөр кездешпейт.

Кээ бир арчаларга оору тийип куураган фактылар бар. Ошондуктан арча токойлорунун экологиялык-санитардык абалын баалоо жана оорулардын этиологиясын аныктоо боюнча фитопатологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүү зарыл.

Орто-Кулун-Ата көлүнө осман балыгы жасалма жол менен жайылтылган. Балыктардын байырлашуу процесси жакшы өтүп, азыр сан жагынан тездик менен көбөйүп жаткандыгы байкалат. Бирок балыктардын 95-98%ын жалпак мите курттар (кең лентец) каптаган жана мурункуга караганда көлөмдөрү чоңойгон. Ошондуктан балыктардын суу-экологиялык шарттарына баалоо жүргүзүү жана оорулардын келип чыгуу себептерин аныктоо боюнча зоопатологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүү талапка ылайык.

Коруктун территориясында селитебдүү жаныбарлардын, алардын ичинде биогеоценозго зыян алып келүүчү канаттуулардын (майна, сагызган) болуусу жакшы көрүнүш эмес. Байкоолор боюнча, чоң көлдө (2930 м бийиктикте) сагызган уларлардын балапандарын жеп үйрөнгөн. Мындай канаттууларды атайын иштелип чыккан жобонун негизинде мезгил-мезгили менен жок кылуу иш-чараларын жүргүзүп туруу өтө зарыл.

Коруктун территориясында туризмди уюштуруу жаратылышты коргоо жагынан да, коопсуздукту камсыздоо жагынан да масштабдуу изилдөөлөрдү талап кылат. Коруктун туристтик борборлордон (чоң шаарлардан) жана автомагистралдардан алыс жатышы, деңиз деңгээлинен бийиктиги, орографиялык абалынын татаалдыгы, өзөктүк зоналарда табигый көлдөрдүн жайгашышы, бардык жерлерде таштуу участоктордун басымдуулук кылышы, таш кулоо жана сел жүрүү коркунучтары анын территориясында туризмди уюштурууну абдан чектейт жана чоң жоопкерчиликти ыйгарат. Башкача айтканда, корукта туристтик жолдорду (маршруттарды) салуу жана аларда туристтердин коопсуздугун камсыз кылуу өтө кыйын маселе. Жөө жана ат туризмин уюштуруу атайын даярдыгы бар гана туристтерди тартууну талап кылат. Ошондуктан «Кулун-Ата» мамлекеттик коругунун территориясында ар кандай чарбалык иш-аракеттерге тыюу салуу, анын ичинде туризмге чектөө киргизүү менен бир гана илимий туризмге гана уруксат берүү талапка ылайык. Мында, биринчиден, алыскы тоо экосистемасын кол тийбес абалда ландшафттык эталон катары сактап калууга, экинчиден, экология, биология, география ж.б. багытындагы ата мекендик жана чет өлкөлүк окумуштууларды тартууга жана алардын пайдалуу изилдөөлөрүн бардык өзгөчө коргоого алынган аймактарда колдонууга мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Айтмакчы, 21-июлда Көңдүк айылын карай кайткан учурда өткөн түнү Тергем-Таш капчыгайы тараптан чоң сел жүрүп (негизинен таш-кум аралаш, чоң таштар, жулунган кайындар үйүлүп агып келген), дарыяны бууп, коруктун Мазар участкасында көл пайда болгонуна күбө болдук. Капчыгайды өйдө карай өрлөп, корум таштарда тайып, өтмөк жол таппай (бардык жерде таштар, баткак кум, чукур, жар), баткакка аттар батып, аларга кошулуп адамдар белинен батып, сууга агып, арандан зорго айылга жеттик. Бул жаратылыштагы ажайып кооздук, назиктиктин артында күтүлбөгөн коркунуч, опурталдуулук бар экенин дагы бир жолу далилдеди. Эс алуу жана туристтик жүрүштөрдү уюштурууда ушул мыйзам ченемдүүлүктү эске алышыбыз керек.

А.Г Низамиев,
ОшМУнун Табият таануу, дене тарбия, туризм жана агрардык технологиялар институтунун директору, г.и.д., профессор.

Биринчи байлык - ден-соолук

Ымыркайдын эң мыкты азыгы

КР Саламаттыкты сактоо министрлигинин маалымат кызматынан маалыматына ылайык, ЮНИСЕФ жүргүзгөн Көп көрсөткүчтүү кластердик изилдөөнүн (MICS 2023) жыйынтыгына ылайык, Кыргыз Республикасында эне сүтүн эмизүү көрсөткүчтөрү өлкөнүн улуттук максаттуу көрсөткүчтөрүнөн төмөн бойдон калууда. Алты айга чейинки ымыркайлардын болгону 44 пайызы гана эне сүтү менен азыктанат. Бул көрсөткүч Кыргыз Республикасы 2025-жылы Парижде өткөн Өсүү үчүн азыктануу (N4G) саммитинде 2030-жылга чейин эне сүтү менен азыктандырууну 70 пайызга жеткирүү боюнча алган милдеттенмеден кыйла төмөн. Ошондой эле эне сүтүн эмизүүнү улантуу көрсөткүчү да төмөн бойдон калууда: 20–23 айлык балдардын 27 пайызы гана эне сүтүн менен азыктанат.

«Эне сүтүн эмизүү — баланын алгачкы күндөрүнөн тартып ден-соолугун чыңдоодо эң маанилүү жолдорунун бири. Ар бир эненин кош бойлуулук мезгилинде, төрөттөн кийин жана эне сүтүн эмизүүнүн бардык этабында өз убагында жана сапаттуу колдоо алышын камсыз кылуу саламаттык сактоо системасынын негизги милдеттеринин бири болуп саналат. Саламаттык сактоо министрлиги баштапкы медициналык-санитардык жардам деңгээлинде эне сүтүн эмизүү боюнча кеңеш берүү кызматтарын чыңдап, медицина кызматкерлеринин потенциалын жогорулатып, калк арасында маалыматтык-түшүндүрүү иштерин кеңейтүүдө жана эне сүтү менен эмизген аялдардын укуктарын коргоо боюнча чараларды илгерилетүүдө», — деп билдирди Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо министринин орун басары Гүлбара Ишенапысова басма сөз жыйынында.

Эне сүтү ымыркайды эң мыкты азык менен камсыздап, анын иммундук системасын бекемдейт жана кеңири таралган жугуштуу оорулардан коргойт. Ошондой эле ал өзгөчө кырдаалдарда да коопсуз, ишенимдүү жана экологиялык



жактан туруктуу азык болуп саналат.

«Эне сүтүн эмизүү — бул баланын ден-соолугун чыңдоонун натыйжалуу чарасы гана эмес, Кыргызстандын келечегине жасалган инвестиция. Энелерди эне сүтү менен эмизүүгө колдоо көрсөтүү балдардын аман-эсен чоңоюшуна жана толук кандуу өнүгүшүнө шарт түзөт, келечекте алардын билим алуу жетишкендиктерин жана эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатат, ошондой эле өлкөгө олуттуу экономикалык пайда алып келет. Тамактануу жакшыртуу боюнча негизги иш-чараларга, анын ичинде эне сүтүн эмизүүнү колдоого жумшалган ар бир 1 сом келечекте 22–25 сомго чейинки экономикалык кайтарым бере алат», — деген ЮНИСЕФтин Кыргызстандагы өкүлү Самман Тапа.

Эл аралык эсептөөлөргө ылайык, Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму (ДССУ) менен ЮНИСЕФтин Ымыркайларды жана жаш балдарды тамактандыруу боюнча глобалдык стратегиясын ишке ашыруунун орточо баасы ар бир жаңы төрөлгөн балага болжол менен 130 АКШ долларын түзөт. Ошол эле учурда эне сүтүн эмизүүнү колдоо боюнча натыйжалуу кызмат көрсөтүүлөргө жумшалган инвестициялар бир нече жыл ичинде, айрым учурларда биринчи эле жылда өзүн актайт.

«Эне сүтүн эмизүү — бул эненин гана жоопкерчилиги эмес. Аны ийгиликтүү жүргүзүү үчүн саламаттык сактоо системасынын, үй-бүлөнүн, жумуш берүүчүлөрдүн жана коомчулуктун колдоосу зарыл. ДССУ Саламаттык сактоо министрлиги жана өнөктөштөр менен биргеликте далилдерге негизделген саясатты, сапаттуу кеңеш берүү кызматтарын жана “Балага жылуу мамиледеги оорукана” демилгесин өнүктүрүү аркылуу эне сүтүн эмизүүнү колдоону мындан ары да бекемдөөгө көмөк көрсөтөт. Бүгүн эне сүтүн эмизүүгө инвестиция салуу — бул Кыргызстандын дени сак жана бакубат келечегине инвестиция салуу», — деп айткан ДССУнун Кыргыз Республикасындагы өкүлүнүн милдетин аткаруучу Жанара Бекенова.

Ийгиликтүү эне сүтүн эмизүү үчүн кош бойлуулук учурунда, төрөт маалында жана баланын алгачкы жаш курагында үзгүлтүксүз колдоо көрсөтүү зарыл. Саламаттык сактоо системасын чыңдоо, эне сүтүн алмаштыруучу азыктарды жарнамалоо боюнча эл аралык кодекстин талаптарын аткаруу, «Балага жылуу мамиледеги оорукана» демилгесин кеңейтүү, аялдардын эмгек мыйзамдары аркылуу акы төлөнүүчү төрөт өргүүсүнө болгон укуктарын коргоо, ошондой эле үй-бүлөнүн жана коомчулуктун колдоосун күчөтүү ар бир балага татыктуу эшоону камсыз кылууга жана өлкөнүн калкынын ден-соолугун, адамдык капиталын жана узак мөөнөттүү өнүгүүсүн бекемдөөгө жардам берет. Жыл сайын 1–7-августта дүйнө жүзүндө Дүйнөлүк эне сүтүн эмизүү жумалыгы белгиленет. Бул өнөктүк эне сүтүн эмизүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүүнүн маанилүүлүгүнө көңүл буруп, энелерге балдарын эне сүтү менен ийгиликтүү эмизүүгө колдоо көрсөтүүнү күчөтүүгө багытталган.

Даярдаган: К. Орунбаева.

АРЫМЫ АРБЫГАН ЖУРНАЛИСТ БУРМА ЫСАКОВА 70 ЖАШТА

Жамаатта кадыр- баркы бар, жаш журналисттерге насаатчы, талыкпай иштеп, калемин колунан түшүрбөгөн “Ош жаңырыгы” газетабыздын ишин илгерилете алдыга сүрөгөн жайдары мүнөз, мыкты журналист эжекебиз Бурма Ысакова 70 жаш куракка келип турган чагы. Жамаатыбыз менен куттугубузду айтып, үлкөн каалоо -тилектерибизди ыроолоп, узак өмүр, оомат, дөөлөт, ишине ийгилик каалап, кайратынан жазбашын айттык. Дайыма белекке берген гүлдестебиздей жайнап, үй- бүлө, бала- чака, неберелер менен бапырап, төрдүн көркү болуп жүрө беришине тилектешпиз.



Бурма Ысакова газетабыз менен мектепте окуп жүргөн кезинен тартып байланыш түзүп, кабарларды, ырларды жазып жүргөн. Кийин жогорку окуу жайын аяктап, көп жыл редакцияда иштеп, ушул куракка келди. Ош облусу, кошуну Баткен жана Жалал Абад облусу боюнча көп жанрларда материалдарды жазып, көптөгөн каармандарды газета бетинен чагылдырды.

Журналисттер үчүн жарыяланган сынактарга катышып, сыйлыктарды алды. Союз мезгили бүтүп, эгемендүүлүк убагы башталганы ишке ашкан бардык тармактардагы реформаларды чагылдырууда дагы активдүүлүктү көрсөттү. Айыл чарбасын, экономика тармагын, маданият, туризм, медицина жана социалдык тармак, дагы көптөгөн тармактар боюнча өзгөрүүлөрдү, жетишкендикерди жазды. Окурмандарга маалыматтарды жеткирүүдө өзүнүн эмгекчилдигин көрсөттү.

Бурма Ысакова бүгүнкү күндө да чарчадым- чаалыктым дебестен биздин катарыбызда эмгектенип келүүдө. Ал Кыргызстан Журналисттер союзунун мүчөсү, Асылкан Бөрүбаев атындагы сыйлыктын ээси, “Кыргыз Республикасынын маданиятынын мыкты кызматкери” төш белгисинин ээси, Ош облустук мамлекеттик администрациясынын Ардак грамотасынын ээси. Республикалык кароо- сынактын жеңүүчүсү, көп ирээт акчалай сыйлыктарды алган. Ала- Тоо айымдары медалынын ээси. Кыргыз Республикасынын Аялдар Конгресинин “Жылдын мыкты айымы” сыйлыгына татыган.

Бурма эже, 70 жаш курагыңыз кут болсун, саламатчылыкта болуп, ийгиликтерди жарата бериңиз!

Кыргызстандын Туусун желбиреткен Аруна

“Бешиктеги баланын бек болоорун ким билет”, “Болоор бала башынан” деген накыл сөздөр кыргыз элинде жөн жеринен айтылбайт. Дегенибиздей, биз баян эте турган кызыбыз кичинесинен элине, мамлекетине сыймык алып келгени кубантарлык көрүнүш. Кыргыз Республикасынын Туусунун бийик желбирешине, дүйнөгө таанылышына, кадыр - баркынын өсүшүнө спортчу кыздар, балдарыбыздын салымы чоң эмеспи. Андай спортчу кыздарыбыздын бири- Рысбекова Аруна Нурдөөлөтовнанын ысымы элге таанымал.



Айта кетсек, Рысбекова Аруна Нурдөөлөтовна 2010- жылы 12 -майда Ош шаарында туулган. Учурда Ош шаарындагы М.В.Ломоносов атындагы мектеп -гимназиясында 10- класста окуйт. Ал мектепте мыкты билим алуу менен бирге жаш болсо да музыка жана спорт багытында да өзүн сынап, көптөгөн ийгиликтерге жетишип келүүдө. Ош шаарындагы П.И.Чайковский атындагы искусство мектебинде комуз классында окуйт. Ички руханий дүйнөсүнүн бай болушуна, толук гармониялуу таалим- тарбия алуусуна улуттук аспап комуздун таасири чоң.

Белгилесек, Аруна кичинекей кезинен зирек, айтканынан кайтпаган кыз болуп чоңойду. Төрт жашынан спорттун каратэ түрү боюнча машыгууларга катыша баштаган. Машыгууларга катышып жүргөнү мыкты натыйжа берип, 6 жашында Түркия мамлекетинин Стамбул шаарында өткөрүлгөн дүйнөнүн 32 мамлекети катышкан Дүйнөлүк биринчиликте өзү теңдүүлөр арасында дүйнө чемпиону болгон. Азыркы кезде аталган спорттун түрү боюнча дүйнөнүн үч жолку чемпиону.

Аруна өзү сүйгөн спорттун бул түрү боюнча дайыма машыгууларын токтотпой, дагы жаңы жеңиштерге ат салышуу үчүн аракеттерин улантып келатат. Мээнетинин акыбети кайтып, Эл аралык мелдештирдин бир нече жолку чемпиону болду. Кара курдун ээси, спорттун чеберчилигине талапкер. 2025- жылдын мыкты спортчусу.





Аруна спорттогу жараткан ийгиликтери жогору бааланып, КР Министрлер Кабинетине караштуу Спорт агенттигинин Ардак грамотасы, Ыраазычылык каттары менен сыйланган. КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн жана Ош шаардык мэриясынын Ардак грамоталарынын ээси.

Аруна бош учурларында жогорудагы ийгиликтери менен эле чектелип калбастан, сүрөт тартуу, чет тилдерин үйрөнүүгө да көңүл бурат. Көп чет тилдерин билип, полиглот болуунуу каалайт жана буга дайыма маани берет.

Арунанын спорттун каратэ түрү менен кызыгуусуна каратэ боюнча 7 Дан кара курунун ээси, ардагерлер арасында каратэ боюнча дүйнөнүн 3 жолку чемпиону, дүйнөлүк бир катар мелдештердин жеңүүчүсү, күмүш жана коло медалдарынын жана көптөгөн сыйлыктардын ээси Нурдөөлөт Рысбековдун (бул спортчубуз тууралуу газета бетинен өзүнчө айтабыз) таасири чоң. Албетте, Арунаны өзүнүн кызыгуусу, аракети, эмгеги өзүнчө мааниге ээ. Арунага шык бергендердин бири 1987- жылы туулган бир тууган эжеси Рысбекова Нурай Нурдөөлөтовна. Ал да 5 жашынан каратэ менен алектенген. Бир топ ийгиликтерге ээ болгон. Бир катар эл аралык мелдештерде алдыңкы орундарды багынткан жана Ош облустук мамлекеттик администрациясынын, Ош шаардык мэриясынын, Россиянын Санкт -Петербург шаарынын Ардак грамоталары, Ыраазычылык каттары менен сыйланган. Ал учурда МаринХелс Корпорациясынын Кыргызстан боюнча башкы директору болуп иштөөдө.

Аруна спорттук үй- бөлүнүн кызы десек туура болот. 1992 -жылы туулган бир тууган агасы Нурболот дагы каратэ спорту менен машыгып, Кыргызстандын Туусун бийик желбиретип жүрөт. Каратэ менен 6 жашынан машыгып келүүдө. Кыргыз Республикасынын 2 жолку чемпиону, Кыргыз Республикасынын спорт чебери. Каратэ боюнча Дүйнө чемпионатынын коло медалынын ээси. Кара курдун ээси (“2 Дан”). Албетте, уул, кыздарына шарт түзүп, өзүнүн жардамын аябаган апасы Эркегүл Смааналыеванын ысымын атап кетүүбүз абзел. Алардын ийгилигине шериктеш болуп, дайыма жеңишине кубанып олтурган кези.

К.Кыдыралиева.

БИЛИМ БЕРҮҮДӨГҮ ЖАҢЫ БАГЫТТАР ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИКТҮҮ МИЛДЕТТЕР

Ар бир окуу жылы билим берүү тармагы үчүн жыйынтыктоонун, жаңы милдеттерди коюунун жана келечекке ишенимдүү кадам таштоонун мезгили болуп эсептелет. Өзгөн райондук, шаардык билим берүү бөлүмү өткөн окуу жылында бир катар алгылыктуу иштерди аткарып, билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, мугалимдердин кесиптик чеберчилигин арттыруу жана окуучулардын талантын ачуу багытында жогорку көрсөткүчтөргө жетишти. Өзгөн райондук, шаардык билим берүү бөлүмүнүн башчысы Акматов Жоомарт Алдырманович менен 12 жылдык билим берүүгө өтүүдөгү заманбап реформалар, окуучулар менен мугалимдердин жетишкендиктери жана жаңы 2026-2027-окуу жылына даярдыгы тууралуу маектештик.

Жоомарт Алдырманович буга чейин Ош шаарындагы №18 А. Навои атындагы орто мектепте география мугалими, окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары, мектеп директору болгон. №35 Ж. Адышев атындагы орто мектептин директору, №26 Т. Сатылганов атындагы орто мектептин директору, Ош шаардык билим берүү башкармалыгында усулчу кызматтарын аркалаган. Билим берүүдөгү жетиштирген ийгиликтери үчүн Ош шаардык жана облустук билим берүү мекемелеринин Ардак грамоталары менен сыйланган. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин «Билим берүүнүн мыктысы» төш белгиси, «Айкөл эл мыктысы» төш белгисинин ээси.



12 жылдык билим берүүгө өтүүдөгү заманбап реформалар

Кыргыз Республикасында билим берүү тармагын реформалоо жана «Алтын казык» программасын ишке ашыруу алкагында райондо бир катар маанилүү саамалыктар уюштурулду. РППККЖ жана КДИ дагы өкүлдөрү жана К.Базарбаев атындагы Чүй билим берүү институту менен биргеликте мектеп директорлору, окуу бөлүм башчылары жана бала бакча жетекчилери үчүн атайын республикалык деңгээлдеги семинар өткөрүлдү. Анда 12 жылдык билим берүүгө өтүү, жаңыланган мамлекеттик стандарттар жана заманбап технологиялар кеңири түшүндүрүлдү.

Педагогдорду даярдоо боюнча, окуу-усулдук кабинети тарабынан мугалимдерге мастер-тренерлердин катышуусунда практикалык окутуулар уюштурулуп, жаңы окуу китептери, дептерлер жана колдонмолор боюнча багыт берилди. Мугалимдердин кесиптик чеберчилигин арттыруу боюнча, райондогу мектептердин 110 мугалими онлайн курстардан ийгиликтүү өтүп, сертификаттарга ээ болушту. Андан сырткары, райондун бардык билим берүү уюмдарында «Электрондук күндөлүк», «АИС мугалим» платформалары толугу менен ишке киргизилип, жигердүү иштеп жатат. Учурда район боюнча 21 193 окуучу 12 жылдык билим берүү программасы менен билим алууда.



Билим сапаты, олимпиадалар жана ЖРТ жыйынтыгы

2025-2026-окуу жылында райондогу билим берүү уюмдарында окуучулардын билим сапаты 50,2%ды түздү. Предметтик олимпиадалар боюнча, облустук баскычка 36 окуучу жолдомо алып, алардын ичинен 4 окуучу республикалык турда райондун намысын коргоду. Жыйынтыгында 2 окуучу республикалык олимпиадада 2-орунду багындырды.

5-8-класстар үчүн онлайн олимпиадаларды өткөрүү өзүнүн жемишин берип жатат. Келечектеги олимпиадачыларды даярдоо максатында 6-класстын 5 200 окуучусуна, ал эми 7-8-класстын 8 444 окуучусуна онлайн олимпиада уюштурулуп, мектептер жогорку көрсөткүчтөрдү көргөзүштү.

Жалпы республикалык тестирлөөгө (ЖРТ) район боюнча 3 886 бүтүрүүчүдөн 1 781 окуучу катышып, орточо балл 125 баллды түздү. Ал эми 38 бүтүрүүчү 200дөн жогору балл алууга жетишти.



КР Агартуу министрлигинин буйругуна ылайык, 9 жана 11-класстардын бүтүрүүчүлөрү үчүн 2-июндан 13-июнга чейин жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация 4 предметтен сынак катары жүргүзүлүп, 26-июнда салтанаттуу түрдө аттестат менен күбөлүк тапшырылды.

Ошондой эле, өзгөчө сыймык жараткан жаңылык — Өзгөн районунун мектептеринен 5 окуучу «Акылман» Президенттик лицейине 2026-2027-окуу жылына карата кабыл алуу сынагынан ийгиликтүү өттү.

Педагогдордун сынактары жана спорттогу жеңиштер

Мугалимдердин жана тарбиячылардын кесиптик чеберчилигин баалоо, ошондой эле окуучулардын арасында сергек жашоо образын жайылтуу багытында бир топ сынактар өткөрүлдү. «Жылдын мыкты мугалими - 2026» сынагынын райондук баскычына 258 мугалим катышып, 17 си облуска өттү. Облустук сынакта жеңүүчү болгон 2 мугалим республикалык сынакка жолдомо алды.

«Жылдын мыкты бала бакчасы» сынагы боюнча, облустук сынакта «Алтын-ачкыч» балдар бакчасы 1-орунду ээледи. «Жылдын мыкты тарбиячысы» сынагы боюнча, «Айсана апа» МЧББУнун тарбиячысы Абдимиталип кызы Айтурган облустук сынакта 3-орунга ээ болду. «Мектеп лигасы» (Футбол, баскетбол, волейбол) облустук турда ийгилик жаратып, республикада 1-орун (500 000 сом) жана 3-орунду (200 000 сом) багындырды. Ал эми бала бакчалар аралык спартакиадага 12 бала бакча катышып, жеңүүчүлөр дипломдор жана баалуу белектер менен сыйланды.

Мекенди сүйүү мектептен башталат

Окуучуларды мекенчилдикке, коопсуздук эрежелерине жана өнөргө тартуу боюнча ар тараптуу таймаштар уюштурулду. Афган ардагерлеринин 37 жылдыгына жана «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» жарлыгы боюнча «Аскерге чейинки даярдык мугалимдеринин мелдеши” өткөрүлдү. Коопсуздук жана ӨКМ менен кызматташуу боюнча, Жаш куткаруучу» сынагы ӨКМ кызматкерлери менен бирге өткөрүлүп, райондук турга 12 мектеп катышты. Ал эми Жол кыймылынын коопсуздугу боюнча сынакта К.Рысбаев атындагы мектептин окуучулары (мугалими Азамидин Азизов) облуста 1-орунду алып, республикага жолдомо алышты.

Техникалык жана кол өнөрчүлүк багытындагы «Атам, апам, мен - техникалык үй-бүлө» жана «Керемет – сувенир» сынактарынын жеңүүчүлөрү Агартуу министрлигинин грамоталары жана белектери менен сыйланышты.

Маданий ийгиликтер

«Манас айтуу - мартабалуу өнөр» теледолбооруна 91 окуучу катышып, облустук турда 1-жана 2-орундарды ээлешти. «Мен кыргызстандык экендигиме сыймыктанам!» сынагында вокал жана хореография боюнча окуучулар 1, 2, 3-орундарды багындырып, 1-орунду алган окуучу ОшМПУнун музыкалык билим берүү адистигине бюджеттик негизде окууга сертификат алды.

Жаңы 2026-2027-окуу жылына карата даярдык

Өзгөн райондук, шаардык билим берүү бөлүмүнүн атайын буйругунун негизинде, республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттын эсебинен райондогу билим берүү мекемелеринде кезектеги оңдоп-түзөө иштери толугу менен аяктады.

Бүгүнкү күндө Өзгөн районунун аймагындагы бардык мектептер жана бала бакчалар 2026-2027-жаңы окуу жылына сапаттуу түрдө даяр жана окуучуларга эшигин ачууга даяр турат.

А.МАТИЕВА.



КООПСУЗ МИГРАЦИЯ – ТУУРА МААЛЫМАТТАН БАШТАЛАТ

Бүгүн биздин редакциябызга конок катары Миграциялык ресурстук борбордун кеңешчиси Кеңешбек Жеңишбеков мырза келип отурат. Бүгүнкү маегибизде борбордун бүгүнкү күндө алып бара жаткан ишмердүүлүгү, жарандар эң көп кетирген каталар жана чет өлкөгө коопсуз чыгуу үчүн эмнелерди билүү керектиги тууралуу сөз кылдык.



– Кеңешбек мырза, бүгүнкү күндө Миграциялык ресурстук борборго көбүнчө кандай жарандар кайрылышат?

– Бизге негизинен чет өлкөгө иштөөгө барууну пландаган жарандар кайрылышат. Алардын көбү документтерди туура даярдоо, жумуш берүүчүнүн ишенимдүүлүгүн текшерүү, эмгек келишиминин шарттарын түшүнүү жана бара турган өлкөнүн мыйзамдары боюнча маалымат алууга кызыгышат.

Ошондой эле чет өлкөгө биринчи жолу чыгып жаткан жаштар, ата-энелер, жогорку окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрү жана буга чейин миграция тажрыйбасы болбогон жарандар көп кайрылышат. Мындан тышкары Кыргызстанда жүргөн чет өлкөлүк жарандар дагы мыйзамдык маселелер боюнча консультация алышат.

Биздин негизги максат – ар бир адам миграция тууралуу чечимди толук маалыматтын негизинде кабыл алышына көмөктөшүү.

– Миграциялык ресурстук борбор кандай негизде түзүлгөн жана бүгүнкү күндө кайсы шаарларда иш алып барат?

– Миграциялык ресурстук борбор Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги менен Миграциялык саясатты өнүктүрүү боюнча эл аралык борбордун (ICMPD) өнөктөштүгүндө түзүлгөн. Борбордун ишмердүүлүгү Европа Биримдигинин колдоосу менен ишке ашырылып жаткан PROTECT долбоорунун алкагында жүргүзүлөт.

Биринчи борбор 2024-жылдын 5-мартында Ош шаарында ачылган. Ал эми 2026-жылдын 22-майында Бишкек шаарында дагы бир Миграциялык ресурстук борбор өз ишин баштады.

Учурда эки борбор тең жарандарга мыйзамдуу жана коопсуз миграция боюнча акысыз маалыматтык жана консультациялык кызматтарды көрсөтүп, өлкөнүн бардык аймактарын камтууга аракет кылып келет.

– Коопсуз миграция деген түшүнүктү кандай чечмелесек болот?

– Коопсуз миграция – бул чет өлкөгө бардык документтери мыйзам талаптарына ылайык даярдалып, расмий жумуш берүүчү аркылуу, эмгек келишими менен жана өз укуктарын билип чыгуу дегенди билдирет.

Тилекке каршы, айрым адамдар тез жана көп киреше убада кылган белгисиз ортомчуларга ишенип, кийин олуттуу көйгөйлөргө туш болуп калышат. Ошондуктан коопсуз миграция биринчи кезекте туура маалымат алуудан башталат.

Жаран өзүнүн кайсы өлкөгө барарын, кандай жумуш аткарарын, канча маяна аларын, кайсы жерде жашарын жана кандай укуктарга ээ экенин алдын ала билиши керек.

– Жарандар көбүнчө кандай каталарды кетиришет?

– Биз байкаган эң кеңири тараган каталардын бири – расмий эмес ортомчуларга ишенип калуу. Айрымдар интернеттеги же социалдык тармактардагы жарнамаларды текшербестен кабыл алып, кийин алдамчылыкка туш болушат.

Экинчи ката – эмгек келишимин окубай туруп кол коюу. Айрым учурларда келишимде көрсөтүлгөн шарттар менен иш жүзүндөгү шарттар дал келбей калат.

Дагы бир маанилүү маселе – жарандардын өз документтерин башка адамдарга өткөрүп берүүсү. Паспорт жана башка негизги документтер ар дайым жарандын өзүндө болушу керек.

Ошондой эле бара турган өлкөнүн мыйзамдарын алдын ала билбөө дагы көп көйгөйлөрдү жаратат.

– Коопсуз миграция боюнча маалымдуулукту жогорулатуу үчүн кандай иштерди жүргүзүп жатасыздар?

– Биз маалыматтык-түшүндүрүү иштерине өзгөчө көңүл бурабыз. Анткени көпчүлүк көйгөйлөр маалыматтын жетишсиздигинен келип чыгат. Ошондуктан биздин адистер өлкөнүн ар кайсы аймактарында жарандар менен жолугушууларды өткөрүп, коопсуз миграциянын негизги эрежелерин түшүндүрүп келишет.

Бул иштерди биз Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги, аталган министрликке караштуу Жарандарды чет өлкөдө ишке орноштуруу борбору, жергиликтүү бийлик органдары жана өнөктөш уюмдар менен биргеликте жүргүзөбүз.

2024-жылдан тарта Жарандарды чет өлкөдө ишке орноштуруу борбору менен биргеликте «Коопсуз миграция кербени» аттуу маалыматтык өнөктүк уюштурулуп, анын алкагында көптөгөн жарандар миграцияга даярдануу, эмгек келишими, мыйзамдуу жумушка орношуу жана адам сатуунун алдын алуу боюнча кеңири маалымат алышты.

Мындан сыртқары, Ош жана Бишкек шаарларындагы жогорку окуу жайларында, колледждерде жана кесиптик лицейлерде студенттер үчүн маалыматтык жолугушуулар дайыма өткөрүлүп турат. Биз жаштардын туура маалыматка ээ болушун абдан маанилүү деп эсептейбиз.

Бүгүнкү күндө маалыматтык иштер офлайн формат менен гана чектелбейт. Социалдык тармактар аркылуу дагы пайдалуу кеңештерди, жаңылыктарды жана мыйзамдардагы өзгөрүүлөрдү үзгүлтүксүз жарыялап келебиз. Жарандар WhatsApp аркылуу дагы суроолоруна жооп алып, адистерден консультация ала алышат.

– Чет өлкөгө жумушка кетүүнү пландаган жаран биринчи кезекте эмнелерге көңүл бурушу керек?

– Биринчи кезекте шашылыш чечим кабыл албоо керек. Кээде адамдар жогорку айлык акы тууралуу жарнамаларды көрүп эле дароо макул болуп калышат. Бирок мындай сунуштардын баары эле ишенимдүү боло бербейт.

Жаран сөзсүз түрдө жумуш сунуштап жаткан компания же агенттик мыйзамдуу иш алып барып жатканын текшериши зарыл. Эгер жеке агенттик аркылуу бара турган болсо, анын Кыргыз Республикасынын жарандарын чет өлкөдө ишке орноштурууга укук берүүчү уруксат кагазы бар экенине ынаныш керек. Бул маалыматты Жарандарды чет өлкөдө ишке орноштуруу борборунун www.migrant.kg сайты аркылуу текшерүүгө болот.

Ошондой эле эмгек келишимин кылдат окуп чыгуу өтө маанилүү. Анда айлык акы, иш убактысы, эс алуу күндөрү, турак жай, медициналык камсыздандыруу жана башка шарттар так көрсөтүлүшү керек.

Документтердин көчүрмөлөрүн алдын ала даярдап, алардын электрондук версияларын дагы сактап коюуну сунуштайбыз. Паспорт сыяктуу негизги документтерди эч кимге бербөө керек.

Мындан тышкары, бара турган өлкөдөгү Кыргыз Республикасынын элчилигинин же консулдугунун дареги жана байланыш телефондору алдын ала жазылып коюлса жакшы болот.

– Эгер, жаран чет өлкөдө кыйын кырдаалга кабылса, эмне кылышы керек?

– Эң башкысы – мындай учурда жардам сурагандан тартынбоо керек.

Эгер эмгек укугу бузулса, документтери тартып алынса же адам сатуу жана мажбурлап иштетүү белгилери байкалса, биринчи кезекте ошол өлкөнүн укук коргоо органдарына кайрылуу зарыл.

Ошондой эле Кыргыз Республикасынын элчилиги же консулдугу менен байланышуу керек. Зарыл болгон учурда эл аралык уюмдар жана укуктук жардам көрсөткөн мекемелер дагы тиешелүү колдоо көрсөтө алышат.

Биздин борбор дагы мындай учурларда жарандарды кайсы мекемеге кайрылуу керектиги боюнча багыт берип, тиешелүү маалымат менен камсыз кылат.

– Акырында окурмандарыбызга кандай кеңеш берет элеңиз?

– Чет өлкөгө чыгуу – бул чоң жоопкерчилик. Ийгиликтүү миграция жакшы жумуш табуу менен эле чектелбейт. Ал туура даярдыктан, мыйзамдарды билүүдөн жана ишенимдүү маалыматка таянуудан башталат.

Ошондуктан ар бир жаран расмий маалымат булактарын гана колдонуп, лицензиясы бар агенттиктер менен иштеши керек. Документтерди кылдат текшерип, укуктары менен милдеттерин алдын ала билип алса, көптөгөн көйгөйлөрдүн алдын алууга болот.

Миграциялык ресурстук борборлордун негизги максаты да ушунда – жарандарга туура маалымат берип, алардын коопсуз жана мыйзамдуу миграциясына көмөктөшүү.

– Жарандар сиздерге кантип кайрыла алышат?

– Учурда Миграциялык ресурстук борборлор Бишкек жана Ош шаарларында иш алып барат.

Бишкек шаарындагы борбордун дареги: Токтогул көчөсү, 237 (Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу Жарандарды чет өлкөдө ишке орноштуруу борборунун имараты).

Ош шаарындагы борбордун дареги: Ош шаары, Алымбек датка көчөсү, 277 (Ош шаардык эмгек, ишке орноштурууга көмөктөшүү жана миграция бөлүмүнүн имараты).

Байланыш телефондору: 0554 99 19 90 жана 0774 99 19 90. Бул номерлер аркылуу WhatsApp менен дагы байланышууга болот.

Мындан тышкары биздин Instagram жана Facebook баракчаларыбыз аркылуу суроолорду берип, пайдалуу маалыматтарды жана жаңылыктарды алып турсаңыздар болот.

Маектешкен: Н. Өмүрзакова.

Азык-түлүк товарларынын баасы

Кыргызстанда акыркы бир жумада социалдык мааниге ээ бир катар азык-түлүк товарларынын баасы арзандады. Бул тууралуу Айыл чарба министрлигинин басма сөз кызматы билдирди.

Маалыматка ылайык, Кыргызстан, Казакстан жана Россиядагы бааларга жасалган мониторингдин жыйынтыгы менен республикада сабиз 1%, жергиликтүү өндүрүштөгү биринчи сорттогу буудай уну 0,8%, картөшкө 0,8%, пияз 0,6% жана пастерленген сүт 0,2%га арзандаган.

Күрүч 4,4%, импорттук биринчи сорттогу буудай уну 3,6%, тазаланган күн карама майы 2,3%, сары май 1,4%, кой жана уй эти 0,9% жана кант 0,4%га кымбаттаган.

Казакстанда отчеттук мезгилде негизги азык-түлүктүн көпчүлүгүнүн баасы төмөндөгөн. Картөшкө (-3,4%), пияз (-2,5%), күрүч (-2,2%), пастерленген сүт жана сабиз (ар бири -2%) кыйла байкаларлык арзандаган. Ошондой эле ун, нан, сары май, уй эти, кой эти, күн карама майы, макарон азыктары, жумуртка жана кумшекердин баасы арзандаган.

Россияда кумшекердин гана баасы 1,8%га кымбаттаган. Ошону менен бирге пияз (-2,5%), картөшкө (-2,1%), тоок жумурткасы (-1,7%), күрүч, сабиз жана сары май (ар бири -1%), ошондой эле биринчи сорттогу ун, нан, пастерленген сүт, кой эти, күн карама майы, уй эти жана кесме арзандаган.

Даярдаган: К.Кыдыралиева.



Энелик бакыт менен спорттук ийгилик

Таштемирова Альбина Абдыкалыковна ОшТУнун Гуманитардык-технологиялык колледжинин Коомдук жана табигый илимдер борборунун башчысы болуп эмгектенет. ОшТУ да жетекчилик тараптан, кесиптик бирлик тарабынан уюштурулган волейбол боюнча оюнда колледждин атынан ГТК командасында ойнойт. Билими жогорку, ОшМУнун физика- математика факультетин бүтүргөн. Математика окутуучусу, колдонмо математика информатика багыты боюнча магистр. "Эне Даңкы" медалынын жана 7 баланын бактылуу энеси.



-Альбина айым, саламатсызбы? Спорттун бул түрүнө кандайча келип калдыңыз?

-Жашоомдун спорт менен айкалышып калышына мектептеги дене тарбия мугалимим Исмаилов Маман агайымдын таасири чоң. Өзүмдүн кызыгуум да түрткү болду. Ал эми балалуу болгондон кийин болсо, балдар менен чогуу ойноп, жолдошум да колдоп, демилгелеп, айтор, үй-бүлөлүк команда түзүлдү десем да болот. Окуучулук курак, студенттик мезгил, андан кийин болсо үй-бүлөлүү болгондон кийин дагы кызыгуум жоголбой ойноп келе жатам.



-Азыркы убакта кайсы командада ойноп жатасыз?

-Ош технологиялык университетинин "Эжекелер курама командасында" ойноп жүрөм. Мындан сырткары Кара-Кулжа регионду команда сында да бармын. Бул боюнча Кыргыз Республикасынын волейбол федерациясынын республикалык чемпионаты «Энелер Лигасынын» 5-турнирине Кара-Кулжа командасы 1-жолу катышып, "чү" дегенде эле республикалык деңгээлге чыгып келип ийгиликтүү оюн көргөзгөнү жетиштик.

Азыр спортко көңүл бурулуп көп оюндар уюштурулуп турат. Ош шаарындагы окуу жайлар ортосунда уюштурулган мелдештерде дайыма 1-орундарды ээлеп келебиз. Ысык-Көлдөгү "Кыргыз Деңизи" пансионатында өткөн "Ден соолук спартакиадасы -2023" окутуучулар арасындагы спорттун волейбол түрү боюнча 40 жаштан жогорку категорияда ОшТУнун эжекелери 1-орунга жетишишти. Жакында Ош технологиялык университетинде КРнын билим жана илим кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин Борбордук комитети тарабынан ЖОЖдор жана райондор арасында уюштурулган спорттун 7 түрү боюнча "Ден-соолук-2026" спартакиадасы өткөрүлдү. Анда да түштүк аймагы боюнча 1-орунду ээледик.

-Рахмат, ийгиликтериңиздер арбын экен. Эми ушундай бактылуу спортчу эненин үй-бүлөсү, балдары тууралуу да азыноолак уга кетпесек болбостур?

-Эң чоң кызым окууну бүтүп, врач-гинеколог болуп иштеп жатат, чоң уулум ички иштер тармагында иштейт. 2-кызым Германияда окуйт. Дагы бир уулум Польшадан IT тармагы боюнча билим алып келди. Андан кийинки кызым ОшТУда экономика багытында 3-курста окуйт. Кичине кызым менен уулум мектеп курагында.

- Волейбол оюну сизге эмне берди?

- Волейбол мага көп жакшы нерселерди берди. Ал ден соолугумду чыңдап, күчтүү, шамдагай жана чыдамкай болууга жардам берди. Ошондой эле команда менен иштөөнү, жоопкерчиликти жана тартипти үйрөттү. Волейболдун аркасында жаңы досторду таптым, өзүмө болгон ишенимим артты жана бош убактымды пайдалуу өткөрө баштадым. Бул оюн мага денелик гана эмес, руханий жактан да өнүгүүгө чоң салым кошту.

Азыркы жаштарга айтаарым спорт менен көбүрөөк машыккыла. Өзгөчө волейбол сыяктуу командалык оюндар ден соолукту чыңдап, тартипке, жоопкерчиликке жана бири-бириңерди колдоого үйрөтөт. Ден соолук — эң чоң байлык. Ошондуктан убактыңарды пайдалуу өткөрүп, жаман адаттардан алыс болуп, алдыга максат коюп, аны ишке ашырууга аракет кылгыла. Спорт силерди күчтүү, чыдамкай жана өзүнө ишенген инсан кылат.

-Чоң рахмат, ишиңизге ийгилик.

Маектешкен:
Гүлзада Өскөнбаева.



Социалдык камкордук

Кыргызстанда пенсия көбөйтүлөт

Үстүбүздөгү жылдын 1-октябрынан тарта пенсиянын өлчөмү олуттуу көбөйтүлөт. Бул тууралуу Министрлер Кабинетинин төрагасы Адылбек Касымалиев билдирди.

Анын айтымында, учурда пенсиянын эң төмөнкү өлчөмү 7 миң 100 сомду түзөт.

"Мурда пенсия жыл сайын 200-300 сомго, эң көп дегенде 500 сомго көбөйчү. Ал эми 1-октябрдан тарта минималдуу пенсия 8 миң 800 сомду түзүп, 1 миң 700 сомго жогорулайт", - деди А. Касымалиев.



Жарыя

Аукцион

Кара-Суу районунун Ала-Тоо айыл аймагынын Жылкелди айылындагы муниципалдык менчиктеги 0,38 га. жер тилкесин соода-сатык кылуу үчүн убактылуу жеңил конструкция куруу менен 0,27 га. жер тилкесин скверди өздөштүрүү жана башка иштерди уюштуруу боюнча ижарага берүү боюнча аукцион өткөрүлөт. Аукцион жарыя гезитке чыккан күндөн тартып бир айдан кийин айыл аймактын кеңсесинде өткөрүлөт. Сурап билүү үчүн байланыш номери: 0-771-12-22-60.

Ош жаңырыгы
Ош облустук коомдук-саясый гезити

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

Башкы редактор:
КАРАКОЗУЕВ
Асанбек Курманбекович

Жооптуу катчы:
Канымжан Кыдыралиева

Н. Өмүрзакова

Гезит Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде катталган.
Катталуу күбөлүгү
213623-3310-У-е
Жазылуу индекси:
68420

Реквизиттер:
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371
ОАО "Айыл Банк"
Бик: 135033
Р/эсеп: 1350470020053657

Дареги:
723500, Ош шаары,
Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт.
Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт.
Кол жазмалар кайтарылбайт.

Байланыш:
Кабылдама: **7-13-34**
Жооптуу катчы: **7-10-02**
Жарнак бөлүмү: **7-11-31**
E-mail: **oshjangaz@gmail.com**

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды.
"Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды. Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

Буюртма №:856
Нускасы: 1600

ДУБАЙДАГЫ ФУТБОЛ МАЙРАМЫ

Кайсы өлкөгө барбаңыз, кайсы шаарга туш келбеңиз, футбол күйөрмандарынын толкундануусу, жеңишке болгон үмүтү жана өз командасына болгон чексиз сүйүүсү бирдей сезилет тура. Бул сезимди быйылкы жайда Бириккен Араб Эмираттарынын жүрөгү саналган Дубай шаарында өз көзүм менен көрүп, өзгөчө таасир алдым.

Ушул жылдын июль айында кезектеги эмгек өргүүмдү пайдаланып, эс алуу максатында Дубай шаарына барып келдим. Бир ай бою дүйнөнүн эң заманбап шаарларынын бири болгон бул мегаполистин турмушу, маданияты жана өнүгүүсү менен жакындан таанышууга мүмкүнчүлүк түзүлдү. Албетте, Дубай жөнүндө көптөр анын асман тиреген имараттары, дүйнөдөгү эң бийик мунарасы, жасалма аралдары жана кымбат жашоосу тууралуу айтып келишет. Бирок, мен үчүн бул сапардын эң эсте каларлык ирмемдеринин бири дүйнөлүк футбол майрамына күбө болгон учур болду.



58-кабаттагы футбол кечеси

Кызым менен анын курбуларынын чакыруусу аркылуу Дубайдагы 58-кабатта жайгашкан «Скандал» аттуу клубга бардык. Ал күнү, тактап айтканда 6-июль күнү кечинде, Испания менен Португалиянын футбол боюнча кызыктуу беттеши чоң экран аркылуу түз эфирде көрсөтүлүп жаткан.

Имараттын бийиктигинен түнкү Дубай алаканга салгандай көрүнүп турду. Жарыкка бөлөнгөн көчөлөр, асман тиреген имараттар, миң түркүн түскө боелгон шаар өзүнчө керемет көрүнүш тартуулап жатты. Бирок, ошол учурда сырттагы кооз көрүнүштөн да клубдун ичиндеги футболдук атмосфера өзүнө көбүрөөк тартып турганын жазбасам болбос.

Клубга киргенден тартып эле өзгөчө майрамдык маанай сезилди. Ички жасалгасы футбол майрамына ылайык кооздолуптур. Кызыл, жашыл жана сары түстөгү жарыктар улам өзгөрүп күйүп, чоң экран болсо залдын борбордук бөлүгүн ээлеп турган. Жүздөгөн адамдар оюнду күтүп, өз ара кызуу талкууга түшүп жатышканын көрдүм.





Тилдер ар башка, сезим бирдей

Залга көз чаптырсаң дүйнөнүн түрдүү өлкөлөрүнөн келген адамдарды көрүүгө болот. Испаниялыктар, португалиялыктар, араб өлкөлөрүнүн жарандары, Азия мамлекеттеринен келген туристтер, Европа, Африка жана Америкадан келген футбол сүйүүчүлөрү бир жерге чогулушкан экен.

Ар ким өзүнүн сүйүктүү командасынын футболкасын кийип алган. Айрымдары ийинине Испаниянын кызыл-сары желегин жамынса, башкалары Португалиянын жашыл-кызыл туусун сыймыктануу менен көтөрүп турушту. Көпчүлүк жаштар беттерине мамлекеттик желектердин өңдөрүн тартып алышкан. Алардын жүзүндөгү кубаныч, толкунануу, ишеним жана жеңишке болгон үмүт сөз менен жеткире алгыс эле.

Ар ким өз тилинде сүйлөйт. Биринин сөзүн бири толук түшүнбөшү мүмкүн. Бирок, футболго келгенде тилдин деле кереги жоктой сезилет. Бардыгы бирдей толкунданат, бирдей сүйүнөт, бирдей өкүнөт тура. Негизинен англис тили аркылуу баарлашышканы менен, футболдун өзү эң чоң байланыш каражаты экенин ошол жерден байкап отурдум десем болот.

Футбол башталгандагы жымжырттык

Оюн баштала электе клубдун ичинде өзгөчө шаң өкүм сүрүп турду. Бир бурчтан испандардын ураандары жаңырса, экинчи тарабынан португалиялык күйөрмандардын сүрөөсү угулат. Алар атаандаш болгону менен бири-бирин урматтоо маданиятын жоготушкан эмес. Кимиси жеңишке жетсе да футбол майрамы биринчи орунда турарын көрсөтүп турушту. Калыс биринчи ышкырыгын жаңыртып, оюн башталган учурду сөз менен сүрөттөө кыйын. Бир нече секунд мурда шаңга бөлөнүп турган зал заматта тынчып калды. Жүздөгөн адамдардын көздөрү чоң экранга кадалды. Ошол учурда бүтүндөй зал дем албай калгандай сезилди.

Ар бир пас, ар бир чабуул, ар бир сокку күйөрмандардын сезимин өзгөртүп жатты. Ийгиликтүү өткөрүлгөн ар бир комбинация кол чабуулар менен коштолду. Дарбазанын алдында кооптуу абал жаралганда бүтүндөй зал бир убакта ордунан тура калып, оюнчулар менен кошо дем алгандай болду. Футболдун сыйкыры дал ушунда экен. Португалиянын курама командасында ойногон дүйнө жылдызы Рональдонун футбол ойноо чебердигин көз албай карап отурдум. Чынын айтсам суктандым да, таң калдым да.

Футбол элдерди бириктирет

Бул оюнду көрүп отуруп футболдун дүйнөдөгү эң чоң маданий көпүрөлөрдүн бири экенине ынандым. Себеби, мен футболду мектеп кезибизе ойногонубуз болбосо, азыр кызыгуум да жок эле. Ал эми Скандал клубундагы футболду бир дем менен көргөнүм мени кайра футбол оюнуна кызыктыргандай болгонун жашырбайм.

Клубда отурган инсандар жөнүндө айтсам, улуту, дини, тили, терисинин түсү кандай болбосун, адамдар бир эле топтун алдында бирдей толкунданат тура. Футбол адамдардын ортосундагы чек араларды жок кылып, достукту бекемдеп, бири-бирин урматтоого үндөй турган зор күчкө ээ экенин толкунануу менен жазып жатам.

Орто Азия үчүн чоң сыймык

Акыркы жылдары дүйнөлүк футболдо Орто Азия мамлекеттеринин да үнү угулуп баштады. Айрыкча Өзбекстандын улуттук курама командасынын дүйнөлүк деңгээлдеги мелдештерге катышууга жетишкендиги бүтүндөй аймак үчүн чоң сыймык болду.

Кызыгы, ал жерде Өзбекстандын оюну тууралуу сөз болгондо бир гана өзбек күйөрмандары эмес, кыргыздар, казактар, тажиктер жана башка Орто Азия өлкөлөрүнүн өкүлдөрү дагы аларды колдоп жатышканын байкадым. Бул аймактык биримдиктин, бир туугандык мамиленин эң сонун көрүнүшү болду. Чындыгында дүйнөлүк деңгээлдеги мелдешке катышуунун өзү эле зор ийгилик. Анткени мындай мелдештерге дүйнөнүн эң күчтүү командалары гана жолдомо алышат. Алардын катарында болуу өлкөдөгү футболдун өнүгүп жатканын, жаштарга шарт түзүлүп жатканын жана системалуу иш жүргүзүлүп жатканын көрсөтөт деп айтууга болот.

Кыргыз футболу жаңы баскычта

Мындай дүйнөлүк атмосфераны көрүп келип, өз өлкөбүздөгү футболдун абалы тууралуу да ой жүгүртпөй коюу мүмкүн эмес. Акыркы жылдары Кыргызстанда футболго болгон кызыгуу кыйла өстү. Мурда негизинен көчө футболу менен чектелип келген жаштар бүгүн атайын машыгуу борборлорунда, спорт мектептеринде жана академияларда машыгып жатышат. Мамлекет тарабынан да бул тармакка мурдагыга караганда көбүрөөк көңүл бурула баштады. Өлкөбүздүн бардык аймактарында заманбап футбол аянтчалары курулуп жатат. Айрыкча облус, район жана айылдарда жаңы стадиондордун, жасалма газон төшөлгөн кичи аянтчалардын пайдаланууга берилиши миңдеген балдардын спортко болгон кызыгуусун арттырууда.

Футболдун өнүгүшү үчүн эң негизги шарттардын бири дал ушул инфраструктура болуп саналат. Анткени талант айылда төрөлүшү мүмкүн, бирок, аны өстүрө турган шарт болушу керек.

Кыргыз футболунун келечеги

Бүгүнкү күндө өлкөбүздө жаштарды футболго тартуу боюнча бир топ жакшы иштер жүргүзүлүүдө. Балдар арасында мелдештер уюштурулуп, мектеп лигалары өткөрүлүп, балдар жана өспүрүмдөр спорт мектептеринин ишмердүүлүгү кеңейүүдө. Бул иштер келечекте өз жемишин берет деген ишеним чоң. Дүйнөлүк деңгээлдеги оюнчулар дагы бир кезде кичинекей аянтчаларда топ тээп башташкан. Эң башкысы-таланттуу эрте байкап, аны туура багыттап, үзгүлтүксүз колдоо. Кыргызстанда да жөндөмдүү жаш футболчулар аз эмес. Аларга сапаттуу машыктыруучу, заманбап шарт жана эл аралык тажрыйба гана керек. Кыргызстанда дагы футбол майрамдары элди бириктирген чоң маданий окуяга айланса деген тилек чоң.

Мүмкүнчүлүк кең

Кыргыз футболунун келечеги тууралуу сөз болгондо оптимизм менен айтууга негиз бар. Акыркы жылдары өлкөдө футбол федерациясынын ишмердүүлүгү активдешип, балдар футболуна өзгөчө көңүл бурулуп жатат. Эл аралык талаптарга жооп берген машыгуу базалары көбөйүп, машыктыруучулардын квалификациясын жогорулатуу багытында да иштер жүргүзүлүүдө.

Албетте, дүйнөлүк деңгээлге чыгуу бир күндө ишке аша турган максат эмес. Бул үчүн узак мөөнөттүү стратегия, күчтүү чемпионат, балдар футболун өнүктүрүү, профессионалдык клубдардын туруктуу иштеши жана эң негизгиси-мамлекет менен коомдун биргелешкен колдоосу талап кылынат.

Жеңишке карай жол

Дубайдагы ошол эстен кеткис футболдук кечеден кийин бир ой көпкө чейин эсимден кетпеди. Футбол адамдарды бириктирет. Футбол мамлекеттин аброюн көтөрөт. Футбол жаштарга туура жол көрсөтөт. Испания менен Португалиянын күйөрмандарынын оюнга болгон маданиятын, өз командаларына болгон берилгендигин көрүп, спорттун чыныгы күчү эмнеде экенин сездим. Ушундай дүйнөлүк деңгээлдеги атмосфераны көрүп туруп, кыргыз футболунун да келечегине болгон ишеним артарына шек жок деген ойго келдим. Келерки жылдары кыргыз футболу дагы дүйнөлүк аренада татыктуу оюн көрсөтүп, байрагыбыз эл аралык стадиондордо желбиреп, Мамлекеттик Гимнибиз жаңырып турган күндөр алыс эмес деп ишенгибиз келет.



Н.ӨМҮРЗАКОВА.